*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2019-жылдын 11-июну

**2019-жылдын январь-майындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2019-ж. январь-майы 2018-ж.[1] январь-майына карата пайыз менен | Маалымдама: 2018-ж.[1] январь-майы 2017-ж. январь-майына карата пайыз менен | Өсүү (+), төмөндөө (-), пайыздык пункт менен |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 183750,0 | 105,6 | 100,6 | +5,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 161204,2 | 101,5 | 102,7 | -1,2 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 104029,1 | 117,0[2] | 98,2[2] | +18,8 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 55129,4 | 94,2[2] | 112,0[2] | -17,8 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 5325,6 | 127,4[2] | 107,0[2] | +20,4 |
| Иштетүү өндүрүшү | 80604,0 | 121,2[2] | 96,5[2] | +24,7 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 16979,6 | 96,7[2] | 103,3[2] | -6,6 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1119,8 | 112,0[2] | 125,7[2] | -13,7 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 43361,3 | 101,7 | 100,7 | +1,0 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 37395,4 | 104,9 | 101,0 | +3,9 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 35200,6 | 105,0 | 100,8 | +4,2 |

| | Иш жүзүндө | 2019-ж. январь-майы 2018-ж.[1] январь-майына карата пайыз менен | Маалымдама: 2018-ж.[1] январь-майы 2017-ж. январь-майына карата пайыз менен | Өсүү (+), төмөндөө (-), пайыздык пункт менен |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо | 153103,9 | 104,4 | 105,3 | -0,9 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 82982,5 | 103,8 | 103,4 | +0,4 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 6585,5 | 106,1 | 106,5 | -0,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 12102,0 | 102,6 | 103,3 | -0,7 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 279,3 | 101,8 | 102,6 | -0,8 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 267,2 | 95,4 | 101,1 | -5,7 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 8618,2 | 90,7 | 92,6 | -1,9 |
| Керектөө бааларынын индекси | | | | |
| - 2018-ж. декабрына карата | 99,7 | 99,7 | 102,6 | -2,9 |
| - 2018-ж. майына карата | 100.1 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 82,3 | 128,0 | 104,3 | +23,7 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 15875 | 104,3 | 107,3 | -3,0 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] млн. АКШ доллары | 2131,9 | 97,6 | 123,4 | -25,8 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 741,4 | 101,0 | 110,0 | -9,0 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 582,1 | 107,1 | 102,1 | +5,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 158,7 | 80,2 | 111,4 | -31,2 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 1549,8 | 94,5 | 132,6 | -38,1 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 582,7 | 108,7 | 109,4 | -0,7 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2019-ж. январь-апрели (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2019-ж. январь-апрели (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**2019-жылдын январь-майындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн 2018-ж. январь-майына салыштырмалуу өсүшү негизги металлдарды өндүрүүнүн (47,2 пайызга), металл рудаларын (38,2 пайызга), көмүрдү (19,8 пайызга), чийки мунайзат жана жаратылыш газын (15,5 пайызга) казуунун, ошондой эле текстиль өндүрүшүнүн (8,3 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

Ошону менен катар, мунайзат продуктуларын (32,9 пайызга), фармацевтика продукцияларын (18,5 пайызга), кийим өндүрүүдө (17,4 пайызга) жана химиялык продукцияларды (13,1 пайызга) төмөндөө белгиленди.

Электр энергия, газ жана буу менен камсыздоонун көлөмү электр энергия өндүрүүнүн (2,2 пайызга) жана бөлүштүрүүнүн (5,6 пайызга) азайышынан улам 3,3 пайызга төмөндөдү.

“Кумтөр” кен казуу ишканаларын кошпогондо, өндүрүштүн көлөмү 5,8 пайызга азайды.

**Айыл чарба.** Айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмүнүн 2018-ж. январь-майына салыштырмалуу өсүшү мал өстүрүүчүлүк продукцияларын өндүрүүнүн көбөйүшү (1,8 пайызга) менен шартталды.

**Курулуш.** 2018-жылдын январь-майына салыштырмалуу негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүүсү пайдалуу кендерди казуу, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, дүң жана чекене соода, мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги, кыймылсыз мүлк операциялары, саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө, ошондой эле турак жай курулушу объекттеринин курулуштарында белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 5,9 пайызга төмөндөдү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче 48,4 пайызга өстү.

2019-жылдын январ-майындагы инвестициялардын негизги көлөмү (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 80 пайызга жакыны) пайдалуу кендерди казуу, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, транспорт ишмердиги, дүң жана чекене соода жана турак жай курулушу объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2018-ж. январь-майына салыштырмалуу көбөйүшү негизинен чекене сооданын (3,8 пайызга), мотор майларын сатуунун (4,3 пайызга) жана дүң сооданын (5,3 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.

**Эмгек акы.** 2019-жылдын январ-апрелиндеги эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы транспорт ишмердиги жана

жүктөрдү сактоо, ошондой эле башка тейлөө ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканалар менен уюмдардан сырткары, экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды.

Орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң олуттуу жогорулашы курулушта (8,2 пайыз), пайдалуу кендерди казуу чөйрөсүндө (10,8 пайыз), мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздоо (7,3 пайыз), иштетүү өнөр жайы (6,3 пайыз), ошондой эле кыймылсыз мүлк операциялары чөйрөлөрүндө (6,0 пайыз) байкалды.

**Баалар.** Үстүбүздөгү жылдын майында мурунку айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жалпы республика боюнча бир аз (0,1 пайызга) жогорулагандыгы белгиленди. Ошону менен бирге тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары жана тарифтери - 0,3 пайызга, кызмат көрсөтүүлөр 0,1 пайызга жогорулады, ошондой эле алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын бааларынын бир аз жогорулагандагы байкалды. Муну менен катар, азык-түлүк эмес товарлардын баалары ү.ж. майында мурунку айга салыштырмалуу бир аз (0,1 пайызга) төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын майында керектөө бааларынын жана тарифтеринин мурунку айга салыштырмалуу жогорулашы Талас облусун (баалардын 0,5 пайызга төмөндөшү) кошпогондо, республиканын бардык аймагында белгиленди, Талас облусунда башка региондорго салыштырмалуу тамак-аш азыктарынын жана алкоголдук суусундуктардын бааларынын 0,7 пайызга, алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын 0,9 пайызга максималдуу төмөндөшү байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) керектөө баалары жана тарифтери жалпы республика боюнча 0,3 пайызга төмөндөдү. Ошону менен бирге бул мезгил ичинде баалардын жана тарифтердин азык-түлүк эмес товарларга - 2,3 пайызга жана кызмат көрсөтүүлөргө 0,6 пайызга төмөндөшү белгиленди, ошол эле убакта тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары - 0,5 пайызга, алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын баалары 3,4 пайызга жогорулады.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери Нарын (0,6 пайызга), Ысык-Көл (0,9 пайызга), Баткен (0,6 пайызга) жана Чүй облустарында (0,6 пайызга) керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү катталды. Ошону менен бирге Ош ш. жана Талас облусун (баалардын бир аз төмөндөшү) кошпогондо, республиканын бардык аймагында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын керектөө бааларынын өсүшү катталды, ал эми Ош шаарында баалар 1,8 пайызга төмөндөгөн. Алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын баалары республиканын бардык региондорунда өстү. Ошол эле убакта Ош шаарында азык-түлүк эмес товарлардын (0,2 пайызга), Талас облусунда (1,4 пайызга) кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын жана тарифтеринин максималдуу жогорулагандыгы белгиленди.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** *Экспорттук жөнөтүүлөрдүн* 2018-ж. январь-апрелине салыштырмалуу 7,1 пайызга көбөйүшү алтындын экспортунун 43,7 пайызга өсүшү менен шартталды, республиканын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн жалпы көлөмүндөгү анын үлүшү 2018-ж. тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 32,8 пайыздан 44,0 пайызга чейин өстү.

Ошондой эле керамика буюмдарын жөнөтүү - 9,3 эсеге, жемиштер жана жаңгактар - 4,0 эсеге, эт - 3,7 эсеге, тамеки жана тамеки азыктары - 2,1 эсеге, кургатылган буурчак жашылчалары - 2,0 эсеге, цемент - 1,6 эсеге, баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары - 3,7 пайызга, ошондой эле пахта буласы 2,0 пайызга көбөйдү.

Муну менен катар, чийки мунайзаттын экспортунун көлөмүнүн - 2,0 эсеге, жездин калдыктарынын жана сыныктарынын - 29,6 пайызга, аялдардын трикотаж көйнөктөрүнүн - 9,8 пайызга, жылмаланган айнектин - 9,5 пайызга, бут кийимдердин - 5,0 пайызга, кара металлдардын калдыктарынын жана сыныктарынын 3,3 пайызга азайышы байкалды.

*Импорттук түшүүлөрдүн* көлөмүнүн 2018-жылдын январь-апрелине салыштырмалуу төмөндөшү булгаарыдан жасалган буюмдарды ташып келүүнүн - 2,3 эсеге, кийим жана кийимге тиешелүү буюмдардын - 2,1 эсеге, химиялык жиптерди жана булаларды - 1,9 эсеге, резина жана андан жасалган буюмдарды - 1,5 эсеге, бут кийимди - 30,4 пайызга, автоунааларды, тракторлорду жана алардын бөлүктөрүн - 19,0 пайызга, тамеки жана тамеки азыктарын - 15,9 пайызга, пластмасса жана андан жасалган буюмдарды ташып кирүүнүн 11,5 пайызга азайышы менен шартталды.

Ошол эле убакта ташылып келинген баалуу эмес металлдардан жасалган буюмдардын көлөмүнүн - 4,0 эсеге, трикотаж болотнайынын - 3,7 эсеге, жер семирткичтердин - 3,3 эсеге, сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын - 2,1 эсеге, дан өсүмдүктөрүнүн - 2,0 эсеге, керамика буюмдарынын - 41,8 пайызга, жемиштердин жана жаңгактардын - 1,7 эсеге, мунайзат продуктуларынын - 34,0 пайызга, электр машиналарынын жана жабдууларынын - 20,1 пайызга, ошондой эле фарацевтика продукцияларынын 12,8 пайызга өсүшү белгиленди.

*Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын* көлөмү 2019-ж. январь-апрелинде 741,4 млн. АКШ долларын түздү жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 1,0 пайызга көбөйдү.

Ошону менен бирге экспорттук жөнөтүүлөрдүн 19,8 пайызга төмөндөшү белгиленди, ошол эле убакта импорттук түшүүлөр тескерисинче 8,7 пайызга көбөйдү. Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын эң жогорку үлүшү Россияга (60,2 пайызга) жана Казакстанга (38,2 пайызга) туура келди.

2019-жылдын январь-апрелинде Россияга болгон товарлардын экспортунда кийим жана кийимге тиешелүү нерселердин (Россияга болгон товарлардын экспортунун жалпы көлөмүнүн 31,2 пайызы), жашылчалардын

жана жемиштердин (14,8 пайыз), баалуу металлдардын калдыктарынын жана сыныктарынын (11,2 пайыз), жездин калдыктарынын жана сыныктарынын (11,0 пайыз), сүт жана сүт азыктарынын (6,0 пайыз), пахта буласынын (5,2 пайыз), алюминийдин калдыктарынын жана сыныктарынын (2,9 пайыз), жөнөтүүлөрү басымдуулук кылды. Россиядан импорттолгон товарлардын негизги үлүшүн мунайзат продуктуларынын (Россиядан импорттолгон товарлардын жалпы көлөмүнүн 30,9 пайызы), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (16,3 пайыз), сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын (7,3 пайыз), жаратылыш жана суюлтулган газдын (4,2 пайыз), күнкарама майынын (2,2 пайыз), шоколад жана курамында какао бар азыктардын (2,1 пайыз), фармацевтика продукцияларынын (1,8 пайыз), нан жана кондитердик ун азыктары (2,0 пайыз), жуучу жана тазалоочу заттардын (1,4 пайыз), ошондой эле азот жер семирткичтеринин (1,2 пайыз) түшүүлөрү ээледи.

2019-жылдын январь-апрелинде Казакстанга болгон экспорттук жөнөтүүлөрдө баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары (Казакстанга болгон товарлардын экспортунун жалпы көлөмүнүн 42,3 пайызы), жемиштер жана жаңгактар (9,0 пайыз), кийим (5,9 пайыз), сүт жана сүт азыктары (4,8 пайыз), бут кийим (4,6 пайыз), косметикалык каражаттар (4,3 пайыз), жылмаланган айнек (4,2 пайыз), нан жана кондитердик ун азыктары (3,6 пайыз) жана синтетикалык кездемелер (3,0 пайыз) негизги товарлар болуп саналды. Казакстандан келген товарлардын импортунда мунайзат продуктуларынын (Казакстандын товарларынын импортунун жалпы көлөмүнүн 27,4 пайызы), буудайдын (6,8 пайыз), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (6,4 пайыз), тамеки азыктарынын (5,5 пайыз), буудай унунун (3,5 пайыз), сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын (3,3 пайыз), таш көмүрдүн (2,5 пайыз), минералдык жана кант кошулган газдалган суулардын (3,1 пайыз), күнкарама майынын (2,8 пайыз) жана цементтин (1,5 пайыз) түшүүлөрү басымдуулук кылды.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**